Эгерде бирөөңөрдүн идишине ит башын салса, ал идишти жети жолу жууп тазаласын

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эгерде бирөөңөрдүн идишине ит башын салса, ал идишти жети жолу жууп тазаласын". Муслимдин риватында: "Жетинин биринчисин топурак менен тазаласын" - деп айтылган.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ит жалаган идишти жети жолу жууп тазалоого буйруган. Жетинин биринчисинде идишти топурак менен тазалап алуу керек. Андан кийин суу менен жууса ыплас, зыяндуу микробдордон тазаланат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3143